# Кыргыз Республикасы үчүн МФЗЭ (КР МФУЭ III) – ДКИБ банкына насыя

Жайгашкан жери:

Кыргыз Республикасы

Долбоордун номери: 53891

Ишкердик тармак:

Каржы мекемелери

Мамлекеттик/жеке сектор: жеке

Экологиялык категориясы: ФП

Долбоор бекитилген күнү:

28 - ноябрь 2023- жыл

Абалы:

**Директорлор кеңеши тарабынан бекитилди**

Долбоордун кыскача мазмуну (ДКМ) жарыяланган күн:

13- февраль, 2024 – жыл

*Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө Директиванын 1.4.2 (iii) бөлүмүнө ылайык: "Банктын оперативдүү жетекчилиги тарабынан жактырылып, Директорлор Кеңеши аларды бекитүү укугун өткөрүп берген долбоорлор үчүн, долбоордун кыскача мазмуну, ЕРӨБди Түзүү жөнүндө Макулдашуунун 13 (iii) беренесине ылайык, Банктын мүчө-өлкөсүнө жиберилүүчү каршылыктын жоктугу жөнүндө тиешелүү билдирүү мезгилинин башында жарыяланат.*

## Долбоордун сүрөттөлүшү

Кыргыз Республикасында жайгашкан «Демир Кыргыз Интернешнл Банк» жабык акционердик коомуна 3,0 млн. АКШ долларына чейин насыяны улуттук валюта түрүндө берүү.

МФЗЭ КР (КР МФУЭ III) линиясы боюнча Демир Кыргыз Интернешнл Банкына (мындан ары - ДКЭБ) 4 млн АКШ долларына чейинки суммада синтетикалык жана сом менен номинацияланган улук (доонун артыкчылыктуу укуктары менен) насыя берүү. Бул насыя каражаттары энергия натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча долбоорлорго катышуучу субкарызчыларга андан ары насыя берүү үчүн, айланма экономиканын алкагында энергиянын кайра жаралуучу тармагын түзүү, ошондой эле климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулугун жогорулатуу боюнча инвестициялык операциялар үчүн арналган. Долбоорду ишке ашыруу чакан жана орто ишкердиктин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн мындан ары да бекемдейт, климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук көрсөткүчтөрүн жакшыртат жана каржы секторун өнүктүрүүгө, айрыкча аны сом менен каржылоо аркылуу, өбөлгө түзөт.

## Долбоордун максаттары

Бул келишимди түзүү энергияны жана сууну керектөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча долбоорлорду ишке ашырууда ДКЭБдин ички (уюштуруучулук) дараметин күчөтүү аркылуу каржы секторунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат. Буга ДКЭБ Банкына жана анын кардарларына аткаруучулук колдоо көрсөтүү, натыйжаларга мониторинг жүргүзүү жана акыркы карыз алуучуларга инвестициялык стимулдарды берүү үчүн техникалык жардам фонддорун пайдалануу аркылуу жетишилет. Чакан долбоорлорду тандоо МФУЭ КР III үчүн программалык билдирүүдө каралган алуучулардын техникалык жана финансылык алгылыктуулугуна карата талаптарга ылайык жүргүзүлөт. Насыя каражаттарынын бардык көлөмү «жашыл» экономикага өтүү үчүн капиталдык салымдарды ишке ашырууга жумшалат.

## Өткөөл процесске (ӨП) таасири

Божомолдуу өткөөл процесске таасиринин упайы: 70

Долбоорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасында үй чарбалары жана коммерциялык түзүмдөр үчүн энергияны жана сууну керектөөнүн натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча долбоорлорго насыя берүү чөйрөсүн кеңейтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, ушул профилдеги долбоорлорду ишке ашыруудан оң демонстрациялык эффект алуу аркылуу “жашыл” экономиканы курууга көмөктөшөт.

## Кардар жөнүндө маалымат

ДЕМИР КЫРГЫЗ ИНТЕРНЕШНЛ БАНКЫ

ДКЭБ 1997-жылдан 2018-жылдын аягына чейин анын акционери болгон ЕРӨБдүн көптөн берки кардары. Бүгүнкү күнгө чейин ЕРӨБ ДКЭБге ар кандай профилдеги насыялардын кеңири спектрин, анын ичинде чакан жана орто ишканаларга жана энергияны үнөмдөө үчүн насыяларды, ипотекалык насыяларды жана (тышкы) сооданы жеңилдетүү үчүн жалпы суммасы 50 миллион АКШ долларынан ашык каражатты берди. ДКЭБ менен болгон мамилесинде ЕРӨБ дүң насыя каражаттарынын негизги булагы катары иш алып барат, анткени ДКЭБ негизинен өзүнүн депозиттик

каражаттарын пайдаланууга таянат жана өз өлкөсүндө эксперттик билим алмашуу процесстери менен жогорку деңгээлдеги жана эл аралык каржы мекемелери тарабынан каржыланган долбоорлорго тандоо негизинде катышуу максатында дүң насыялар менен гана иштейт.

## ЕРӨБдүн каржылоосу

4 000 000.00 АКШ доллары

Төлөө мөөнөтү 4 жылдык, анын 1 жылы жеңилдетилген мезгил болуп саналган, 4 миллион АКШ долларына чейин же ушул сумманын кыргыз сому эквивалентинде улук насыя (талап коюунун артыкчылыктуу укуктары менен). Кардар насыя каражаттарын синтетикалык сом же АКШ долларында (опцион) тандап алууга укуктуу.

## Долбоордун жалпы наркы

АКШ доллары 4 000 000.00

## Толуктоо

Насыянын толуктоочу функциясы кардарга i) улуттук валютада тез арада зарыл болгон орто мөөнөттүү каржылоону ii) инновациялык каржылоо схемалары жана инструменттери, iii) ченем чыгаруу технологиялары, iv) билим, инновациялар жана (институционалдык) дараметти күчөтүү ыкмаларын өткөрүп берүү менен айкалыштыруу аркылуу ишке ашат.

Насыянын толуктоочу функциясынын гендердик компонентинин аялдар менен эркектер үчүн жашыл каржылоо булактарына жетүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга кошумча кардардын дараметин гендердик сезимтал жашыл насыя берүү системасына киргизүү жолу менен камсыздалышы күтүлүүдө.

## Экологиялык жана социалдык корутунду

ДКЭБ мурунтан эле ЕРӨБгө экологиялык жана социалдык маселелер боюнча жогорку сапаттагы жылдык отчеттуулукту берип келген ЕРӨБдүн кардары болуп саналат. ДКЭБден мындан ары да микро жана корпоративдик, КОИ жана корпоративдик насыялар үчүн экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкаруу стандарттарын сактоо; ЕРӨБдүн каржылануучу долбоорлорду ишке ашыруу боюнча № 2, 4 жана 9 (ТР) талаптарын сактоо, анын ичинде ЕРӨБ үчүн күчүндө турган жана 2019-жылкы ЭССте каралган экосоциалдык жана ЕРӨБ жетекчилигинин алдын ала макулдугун талап кылган долбоорлордун кеңейтилген тыюу салынган тизмесинин жоболорун сактоо, ошондой эле ЕРӨБгө өзүнүн жылдык экологиялык жана социалдык отчетун берип тупуу талап кылынат. Зарылчылыкка жараша, КР МФУЭ тарабынан каржыланган шамал, гидро, күн, геотермалдык же биомассалык энергия чөйрөлөрүндө ишке ашырылган чакан долбоорлор экологиялык жана социалдык алгылыктуулук стандарттарына жооп бериши керек.

## Техникалык кызматташтык жана гранттык каржылоо

ДКЭБ КР МФУЭ III ишинин алкагында маркетинг, долбоорлорду иштеп чыгуу жана түзүү, аларды каржылоонун жогоруда аталган механизминин иштешин жалпысынан натыйжалуу башкаруу боюнча, гендер маселелерин эске алуу менен, ТК аркылуу консультациялык колдоо алат.

**Каржылоо булагы:** ЕРӨБ акционерлеринин атайын фонду.

Компаниянын Байланыш маалыматы

Нурлан Эсеналиев
nurlan.esenaliev@demirbank.kg
+996 312 909060
www.demirbank.kg
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 245

## Долбоорду ишке ашыруу боюнча маалымат

## ДКМ акыркы жолу жаңыртылган күнү

2024 - жылдын 13- февралы

## Өткөөл процесс деген эмне

Өткөөл мезгилдин таасирин өлчөө боюнча ЕРӨБдүн ыкмасы тууралуу кошумча маалымат бул жерде  жеткиликтүү .

## Долбоорлорго катышуу мүмкүнчүлүктөрү

Долбоорго катышуу жана сатып алуулар боюнча кардар-компания менен менен байланышыңыздар.

ЕРӨБ менен  кызматташуу (сатып алууларга байланышпаган) боюнча ЕРӨБ менен байланышыңыздар:

Тел: +44 20 7338 7168
эл. почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз.

Тел: +44 20 7338 6794
эл. почта: procurement@ebrd.com

## Жалпы маселелер

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБдүн маалыматтык суроо-талаптар формасы аркылуу берилет.

## Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭССде жана долбоорлорду ишке ашыруу талаптарында (ИТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин аткаргандыгы тууралуу ыкмалар баяндалган. ЭСС менен ИТ кардарлардын коомдук маалыматтар жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоосу керектиги жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча көйгөйлөрү менен арыздарын алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттанууларды кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат.

Бул тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

## Ишкердик жоопкерчилик жана орнотулган нормаларды сактоо

ЕРӨБдүн Шайкештикти көзөмөлдөө башкармалыгы (ШКБ) жоопкерчиликтүү башкарууну илгерилетип, ЕРӨБдүн ишмердигинин бардык аспектилеринде, эл аралык алдыңкы тажрыйбага ылайык, ишкердик жоопкерчиликтин эң жогорку стандарттарын колдонууну камсыз кылат. ЕРӨБдүн долбоорлору үчүн кабыл алынгыс укуктук жана кадыр-барк тобокелдиктерин четтетүү максатында ЕРӨБдүн бардык кардарлары тарабынан ишкердик жоопкерчиликтин сакталышы текшерилет. ЕРӨБ долбоорлорду алдын ала баалоо жана бекитүү баскычтарында көйгөйлүү маселелерди аныктоо жана четтетүү анын келишимдеринин кадыр-баркынын тазалыгын камсыз кылуунун эң натыйжалуу жолу деп эсептейт. Шайкештикти көзөмөлдөө башкармалыгы (ШКБ) бул алдын алуу иш-аракеттеринде маанилүү ролду ойнойт жана инвестициядан кийинки баскычта ЕРӨБдүн кадыр-баркы үчүн жаралуучу тобокелдиктерге көзөмөл жасоого жардам берет.

ШКБ, ошондой эле, ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордо алдамчылык, коррупция жана кызматтык мыйзам бузуулар жөнүндө маалыматтарды текшерүү үчүн жооптуу. Эгерде ЕРӨБдүн ичинде же андан сыртта кимдир бирөө алдамчылык же коррупция бар деп шектенсе, анда ал ШКБнын башкы директоруна жазуу түрүндө compliance@ebrd.com электрондук дареги боюнча бул жөнүндө билдирүүсүн жиберсе болот.

Бардык билдирилген фактылар ШКБ тарабынан тиешелүү чараларды көрүү үчүн каралып чыгат. Бардык билдирүүлөр, анын ичинде белгисиз адамдардан келген билдирүүлөр да, текшерилет. Билдирүүлөр ЕРӨБдө колдонулган же ал иштеген өлкөнүн каалаган тилинде жазылышы мүмкүн. Мындай маалымат жакшы максатты көздөп жеткирилиши керек.

## Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат (МЖС)

МЖС, 2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешерин аныктайт. Бар маалымат менен таанышуу үчүн ЕРӨБдүн веб-сайтындагы Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат бетине кириңиз.

Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

## Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Органы (ДКОО)

Эгер экологиялык, социалдык же маалымат ачыктыгына байланыштуу көйгөйлөрдү Кардар же Банк менен чечүү (мисалы, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттануу механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу) аракеттери жыйынтык бербесе, жеке тараптар жана уюмдар аларды тынчсыздандырган көйгөйлөрдү ЕРӨБдүн Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Органына (ДКОО) кайрыла алышат.

ДКОО арыз берүүчүлөрдүн оюнча долбоор зыян келтирди же зыян келтириши ыктымал болгон маселелерди көз карандысыз карап чыгат. ДКООнун максаты: экологиялык, социалдык жана маалыматты ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө долбоордун кызыкдар тараптарынын ортосундагы диалогду колдоо, Банк өзүнүн Экологиялык жана социалдык саясатынын жана Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясатынын долбоорго тиешелүү жоболорун сактаганын же сактабаганын аныктоо жана, зарыл учурларда, ал саясаттардын талаптарынан четтөөнү тууралоо, о.э. Банк тарабынан келечекте андай учурларга жол берилбешин камсыз кылуу.

ДКОО жана анын мандаты жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Органынын веб-баракчасына баш багыңыз, карап чыгууга кантип кайрылууну үйрөнүңүз же суроолор, кошумча маалымат же арыз берүү боюнча көрсөтмөлөр менен ipam@ebrd.com дареги боюнча ДКОО менен байланышыңыз.